УДК 81'36

Уркасымова Г.У.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# АНГЛИС ТИЛИНДЕГИ ДЕТЕРМИНАТИВДЕР

*Макалада англис тилин үйрөнүүдө зат атоочко карата колдонулуучу кээ бир аныктамаларды аныктоо жолдору жана анын эрежелерин колдонуунун мааниси көрсөтүлгөн.*

Англис тилин окуп-үйрөнүүдө жана тексттерди которууда студенттер көбүн эсе детерминативдер менен берилген англис тилиндеги сүйлөмдөрдү түшүнүү жана которууда ката кетиришет. Бул эмне себептен? Мүмкүн, биз жогоруда колдонуп өткөн детерминатив терминде болуп жүрбөсүн? Эмесе, англис тилиндеги ушул терминге ылайык келген сүйлөмдөр жөнүндө сөз болмокчу. Детерминативдер [же болбосо детерминанттар, аныктагычтар. Англис тилинде - Determinatives] - бул жарым кызматчы сөздөр, негизинен, ат атооч мүнөзүндө, булар англис тилиндеги зат атоочторду коштоп жүрүүчү аныктагычтар. Бул сүйлөп жаткан же болбосо жазып жаткан адамдын сандык жана башка мамилелерине жараша болот.

Өз кезегинде, Б.А.Ильиш жазып өткөндөй, англис тилиндеги зат атоочтор бир бүтүн, өз алдынчалык бүтүндүгү болбогондуктан, детерминантар менен коштолуп жүрөт. Ошондуктан англис тилинин көптүк жана жеке сандагы зат атоочтордун буюмдук, абстракттык жана жандама зат атоочтору детерминанты жок колдонулат. Мында нөлдүк артикль деп саналат. Англис тилинде зат атоочту аныктоочу артиклдер берилет. Ал эми орус тилинде артикль жок. Демек, англис тилиндеги детерминативдерге төмөнкүлөр кирет:

- белгисиз артиклдер - Indefinite Articles - **A/an,** белгилүү артикль - Definite Article - **the**

There is **a** lamp on **the** table.

**The** director has just come.

- нөлдүк артикль; нөлдүк артиклди белгисиз артиклдин варианты катары кароого болот.

- Шилтеме ат атоочтор - Demonstrative pronouns; **this, that, these, those,**

**This** house is very old.

I'll take **those** book.

-таандык ат атоочтор - Possessive Pronouns; **my, your, his, her, their,**

Where is **my** pencil?

**Her** dictionary is on the table.

-ошондой эле **one's, whose;**

**Whose** pencil is this?

-Белгисиз ат атоочтор - Indefinite pronouns: **some, any, no,**

**Some** people do not like meat.

Come at **any** time.

- суроолуу-Interrogative Pronouns, байламталуу-Relative Pronouns ат атоочтор: **what, whatever, which, whichever, what kind of,** зат атоочтун таандык жөндөмөсүндө жеке, же болбосо, конкреттүү түрдө колдонулат. Ар бир детерминатив заттык сөз айкашына өзүнүн маанисин берип, нейтралдуу түрдө болгондуктан, лексикалык өзгөчөлүктө белгисиз артикль болуп саналат. Сүйлөмдө детерминантар заттык мааниде зат атоочтордун сүйлөм мүчөлүгүнүн маркери (көрсөткүчү) катары кызмат кылат. Детерминативдерди окуп үйрөнүүдө жана колдонууда эки эрежени билүү пайдалуу.

**Биринчи эреже.** Бир эле зат атоочко эки же андан көп детерминативди колдонуу мүмкүн эмес. Бул эреже мугалим үчүн чет тилин окуп - үйрөнүүдө баштапкы этапта төмөнкүдөй сөз айкаштарын колдонуу мүмкүн эместигин ырастайт:

Мисалы: <u>This a boy, some the boys, no any boys, no my books, John's this brother, Moscow's those theatres</u> жана башкалар.

Мындай конструкцияда колдонулушу мүмкүн эмес. Ушул биринчи эрежеге таянып, төмөндөгүдөй артиклсиз колдонулуучу сандык сан атоочтордун ирээттик манидеги сөз айкаштарын атасак болот. Мисалы: **school 39, Bus number 3, room 18, page 15.**

**Экинчи эреже.** Детерминативдер атоочтук сөз айкашынын башталышында гана коюлат. Бул эреже төмөндөгүдөй айкаштыктарга жол бербейт. Мисалы: <u>«The sixth Beethoven's symphony, an interesting Jack London story».</u>

Жогорудагы айтылган эрежелер төмөндөгүдөй четтөөлөргө ээ.

1. Байыркы (архаические) жана ачык – айкын (экспрессивные) тексттерде таандык жана шилтеме ат атоочтор кээ бир учурларда кездешет. (Демек, эки детерминатив бир эле зат атоочко тиешелүү).

Мисалы: ……It will be unadvisable for me to take her on **<u>this my</u>** first journey(Th. Hardy)

2. Атоочтук сөз айкалышына тиешелүү болгон бир нече сөздөр детерминативдин алдына чыгарылышы мүмкүн.

а) Both, all the артиклинин алдында таандык жана шилтеме ат атоочтор менен бирге, ошондой эле зат атоочтордун таандык жөндөмөсүндө кездешет.

Мисалы: ........ if she could have had **<u>all Scott's</u>** novels and **<u>all Byron's</u>** poems! (G. Eliot).

б) Rather, quite, such, half, many, what деген сөздөрдөн соң белгисиз артикль турушу мүмкүн.

Мисалы: ......... we have **<u>many</u>** a mountain- path to tread, and **<u>many</u>** a varied shore to sail along(G/ Byron);

в) Half, double, twice, triple, thrice, n-times деген сөздөр шилтеме жана таандык ат атоочтор менен бирге белгилүү артиклдин алдында кездешет. Мисалы:

We were soon in the streets of the city, desirous of purchasing **<u>half their</u>** contents (G.Meredith);

г) Кээ бир колдонуудан чыгып калган жана маанилүү түзүлүштөрдөгү сын атоочтордун too, so же as диалектериндеги белгисиз артиклдин алдынкы ордунда болот. Мисалы: I had to get a copy of Gray's Anatomy, the medical student's bible, **<u>as unquestionable an</u>** authority on anatomy as Hansar on a parliamentary debate. (R. Gordon)

3. Бул эки эреже тең кайсыл убакытта аткарылбашы мүмкүн? Эгерде зат атооч таандык жөндөмөдө жеке мүнөздө болбой, жалпылоо маанисинде болсо, аткарылбайт. Бул айтылган жобого токтоло кетели. Атоочтук айкалыш **my mother's care** эки мааниге ээ болушу мүмкүн. Биринчиси, менин апамдын камкордугу; экинчиси, менин апалык камкордугум. Биринчи учурда зат атооч "s" сөздүн аягы менен бүтүп, детерминант болуп саналат. Экинчи учурда детерминант болбой, жөнөкөй эле аныктоочко айланат. Мындай карама-каршылыктарды төмөнкү мисалдардан көрсөк болот:

.......it is simply very young **<u>girl's</u>** record of her own thoughts impressions(O.Wilde)- өтө жаш кыздын кол жазмалары, мында жеке мааниде;

.......... my only fault was indulging in a foolish girl's passion for you(Th. Hardy)- акылсыз кыздын ашыктыгы, бул учурда жалпылоо маанисинде.

Демек, биринчи сүйлөмдө детерминант колдонулууда. Анткени жеке маанидеги ой айтылууда. Экинчи сүйлөмдө детерминант жалпылоонун негизинде жокко эсе. Жогоруда айтылган мисалдардан улам, зат атоочтор **"s"** аяктамасы менен берилген болсо, анда баары эле детерминант, же болбосо, детерминант эместиги кантип аныкталат?

а) Эгерде аныктагыч **"s"** аяктамасы менен зат атоочко тиешеси жок болсо, демек, анда детерминант эместиги анык (муну экинчи мисалдан көрсөк болот);

б) Детерминанттарды аныктоонун дагы бир жолу бар. Бул басымдардын ар кандай ритмдерде болушу мүмкүн. Детерминатив эместер күчтүү басымда болушат. Ал эми детерминативдер кадимки басымда эле болушат. Бирок ритмикалык - тондук аныктоо

жолу көбүн эсе туура келбейт;

в) Детерминанттарды жана детерминантар эместерди аныктоонун пунктуация жолу мындай. **“s”** аяктамасы менен берилген зат атоочтон мурда коюлган **“,”** белгиси анын детерминант эместигин аныктайт.

Мисалы: ……… I stopped, turned and looked at that worn, school master’s face(J. MacDonald).

Жогоруда айтылгандардын негизинде, зат атоочтордун детерминант эмес аныкталган типтери менен студенттерди таныштыра кетели.

1. Women’s, men’s, children’s, ladies’, gentlemen’s , boys’, girls’, (көптүк санда) сөздөрү адамдардын кийим-кечесинде, ар кандай тейлөө кызматында, ошондой эле коомдук жана башка ишканаларда жыныстык жана жаш курактык айырмачылыгына карата колдонулушу мүмкүн.

Мисалы: At St. Swithin’s there was ………….. a sign of approaching season- a brisk increase attendance of the children’s department(R. Gordon).

2. Кандайдыр бир мезгил ченемин аныктаган зат атоочтор. Мисалы: After a six weeks’ period of drought ht would be stricken down with automatic fever…….. (J. Jerome).

3. Төмөнкү зат атоочтор «mother’s, father’s, widow’s, nurse’s, miner’s, worker’s, employer’s servant’s, soldier’s, officer’s, sailor’s artist’s, master’s, lover’s, people’s, bird’s, bull’s cat’s, dog’s, dove’s, bear’s, lion’s, pig’s» (көбүн эсе жекелик санда) адамдардын тышкы келбетин, кийим- кечесин, жүрүм-турумун, маанайын көрсөтүүгө колдонулат. Мисалы: The door was pulled open by a strong looking girl with a black stripe on the cape of her white nurse’s uniform(R. Chandler).

Биз жогоруда айтып өткөн эрежелер студенттердин атоочтук айкалыштарды туура түшүнүп жана аларды туура которушуна көмөктөшөт деп ишенебиз.

Адабияттар:

1. Иностранный язык в школе. -1991. -№ 5.

2. Качалова К.Н., Израилевич Е.Е. English. Практическая грамматика английского языка. –Москва, 2001.

3. Ильиш Б.А. Современный английский язык. Теоретический курс. - М., 1948.

4. Gleason H.A. Linguistics and English Grammar. - N.Y., 1965.